БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

**«МАКУЛДАШЫЛДЫ»**

Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин кызматкерлеринин Жамааттык жыйыны

Протокол № 67-1, 05.09.2024-ж.

**«БЕКИТИЛДИ»**

Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин директору

Б. И. Исмаилов

Буйрук №2/0101, 05.09.2024-ж.

# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИНИН ИШИНЕ ИЧКИ МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ ЭРЕЖЕЛЕРИ

## I. Жалпы жоболор

1.1. Бул документ Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо боюнча агенттиктин (мындан ары - Агенттик) локалдык ченемдик актысы болуп саналат жана ички мониторингди уюштуруунун жана жүргүзүүнүн тартибин белгилейт.

1.2. Бул Жобонун мазмуну Агенттиктин Уставына ылайык иштелип чыккан.

1.3. Агенттиктин ички мониторинги жыл сайын жүргүзүлөт.

1.4. Агенттиктин ички мониторингинин милдеттери төмөнкү аспектилерди камтыйт:

1. Аккредитациялоонун укуктук актыларын дайыма жаңылоо
2. Аккредитациянын сапатын жогорулатуу
3. Адам ресурстарын өнүктүрүү
4. Эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү
5. Аккредитациянын стандарттарын жана критерийлерин өркүндөтүү
6. Изилдөө иштерине колдоо көрсөтүү
7. Атаандаштыкка жөндөмдүү билим берүү чөйрөсүн калыптандыруу

## II. Ички мониторингди уюштуруу жана өткөрүү

2.1. Ички мониторинг жыл сайын окуу жылынын аягында жүргүзүлөт.

2.2. Ички мониторингди уюштуруу үчүн директордун буйругу менен Агенттиктин үч кызматкеринен жана тышкы эксперттен турган эксперттик комиссия түзүлөт. Комиссиянын ар бир мүчөсү кызматкерлердин ишинин

көрсөткүчтөрү боюнча баллдарды (беш баллдык шкала боюнча) ыйгарат, натыйжада жалпы балл алынат.
2.3. Аккредитациялоочу агенттиктин ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча аккредитациялоо процесстеринин сапатын жогорулатууга олуттуу салым кошкон кызматкерлерге ыраазычылыктар, сыйлыктар жана мотивациялоого жана квалификациясын жогорулатууга багытталган дем берүүчү башка чаралар түрүндө сыйлыктар берилет.
2.4. Ички мониторингдин жыйынтыгы боюнча комиссия Агенттиктин ишин жакшыртуу боюнча сунуштарды берүүгө тийиш.
2.5. Ички мониторингдин жыйынтыгы агенттиктин жамааттык жыйынында чыгарылат.
2.6. Жамааттык жыйналышта ички мониторингдин жыйынтыгы каралгандан кийин бир айдын ичинде Агенттиктин иш планына тиешелүү түзөтүүлөр киргизилет.

## III.Ички мониторингдин жүрүшүндө кароо-сынактын шарттары

3.1. Сынакка Агенттиктин бардык кызматкерлери катышат.
3.2. Агенттиктин ишин баалоо үчүн критерийлер жана индикаторлор иштелип чыгат, алар беш баллдык система менен бааланат.
3.3. Агенттиктин ишмердүүлүгүнө баа берүүнүн критерийлери жана индикаторлору болуп төмөнкүлөр саналат:

## IV. Ички мониторингдин жыйынтыгын чыгаруу

4.1. Ички мониторингдин жыйынтыгы июнь айынын ичинде эксперттик комиссиянын иш графигине ылайык чыгарылат.
4.2. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү материалды жогоруда көрсөтүлгөн критерийлер боюнча баалайт.
4.3. Агенттиктин кызматкерлери эксперттик комиссиянын ишине катышууга жана экспертизанын жыйынтыктары менен таанышууга укуктуу.
4.4. Ички мониторингдин жыйынтыгы менен 1, 2, 3-орундарды ээлеген жеңүүчүлөр аныкталат. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү иштин айрым багыттары боюнча кошумча номинацияларды аныктоо укугун өзүнө калтырат.